Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
31. sayı 2021

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
31-саны 2021

# Фарабинин философиясында Кудайдын бар экендигине байланыштуу онтологиялык далил

**Абдирашит Бабатаев***
**Юсуф Гөкалп****

**Абстракт**

Адамзат ойлом тарыхында Кудайдын бар экендиги жөнүндөгү далилдер жана ал далилдерге карата айтылган сын-пикирлер көптөгөн философ жана теологдордун бүйүрүн кызыткан эң маанилүү маселелердин бири болгондугу белгилүү. Чындыгында, Кудайдын бар экендиги жалгыз гана диний ишенимдин эмес, ошол эле учурда философиянын дагы негизги проблемаларынын бири. Бул темага байланыштуу айтылган көз-караштар байыркы доордон баштап азыркы күнгө чейин өзүнүн актуалдуулугун жоготпой келет. Теолог жана философтор тарабынан Кудайдын бар экендигине байланыштуу сунушталган космологиялык, онтологиялык, диний тажрыйба, ахлак, телеологиялык ж.б.у.с. далилдер жалгыз гана интеллектуалдык чөйрө менен чектелбестен, коомдун калың катмарынын дагы кызыгуусун жаратып келет. Башка далилдерден айырмаланган онтологиялык далил Кудайдын зарыл болум экендигин "Кудай" түшүнүгүн туура талдоо аркылуу көрсөтүүнү максат кылат. Онтологиялык далил ар кандай эмпирикалык теорияларга таянбаган, эң жогорку болум түшүнүгүн рационалдуу жол аркылуу табууга аракет кылган далил болуп саналат. Биз бул макалада онтологиялык далилди атактуу философ аль-Фарабинин чыгармаларынын негизинде талдоого алабыз.

**Ачкыч сөздөр**: Философия, Фараби, Кудай, онтологиялык далил

* Док., Кыргыз-Түрк Манас Университети, Бишкек, Кыргызстан, abdirasit.babataev@manas.edu.kg
** Доц. Док., Кыргыз-Түрк Манас Университети, Бишкек, Кыргызстан, yusuf.gokalp@manas.edu.kg

# Ontological Argument for The Existence of God in Farabi's Philosophy

**Abstract**

It is well known that in the history of human thought, the evidence for the existence of God and the criticism of it have been one of the most important issues for many philosophers and theologians. In fact, the existence of God is one of the main problems not only of religious faith, but also of philosophy. Opinions on this subject have been relevant since ancient times. The cosmological, ontological, religious practices, morals, teleological, etc., proposed by theologians and philosophers in connection with the existence of God. The evidence is of interest not only to the intellectual community, but also to the general public. Unlike other evidence, ontological evidence aims to show that God is a necessary being through a proper analysis of the concept of "God." Ontological evidence does not rely on various empirical theories, but seeks to find the concept of the highest order in a rational way. In this article, we analyze the ontological evidence based on the works of the famous philosopher al-Farabi.

**Key words:** Philosophy, Farabi, God, ontological argument.

Кудайдын бар экендиги жөнүндөгү далилдер жана ал далилдерге карата айтылган сын-пикирлер теологиянын жана философиянын эң маанилүү маселелеринин бири экендиги талашсыз. Албетте, Кудайдын бар экендиги жалгыз гана диний ишенимдин эмес, ошол эле учурда философиянын дагы негизги проблемаларынын бири. Байыркы доордон тарта бүгүнкү күнгө чейин бул темага байланышкан көптөгөн талкуулар жаралып, ар кандай көз-караштар айтылып келет.

Философиялык талкуулар бир гана Кудайдын бар экендигинин кабылдануусу же болбосо четке кагылуусу менен гана чектелбестен, Кудайдын болуму, маңызы жана Кудайды далилдөөнүн методдору сыяктуу негизги суроолордун айланасында болгон. Философия тарыхында Кудайдын бар экендигине байланышкан онтологиялык, космологиялык, телеологиялык, ахлак жана диний тажрыйба далили ж.б.у.с. көптөгөн далилдердин сунушталгандыгы бизге маалым. Биз бул макалада жалгыз гана Ислам дүйнөсүндө эмес, жалпы философия

тарыхында өзгөчө орунга ээ болгон Фарабинин онтологиялык далили тууралуу сөз кылабыз.

Теисттер тарабынан сунушталган Кудайдын бар экендигин тастыктаган далилдердин эң башында онтологиялык далил турат. Онтологиялык далил Кудайдын зарыл болум экендигин “Кудай” түшүнүгүн туура талдоо аркылуу көрсөтүүнү максат кылат. Онтологиялык далил ар кандай эмпирикалык теорияларга таянбаган, эң жогорку болум түшүнүгүн рационалдуу жол аркылуу табууга аракет кылган далил болуп саналат.[1]

Онтологиялык далил Фараби жана Ибн Синанын философиялык ой-толгоолорунда “кемчиликсиз болум” жана “алгачкы себеп” деген сыяктуу түшүнүктөр аркылуу түшүндүрүлгөн.[2] Бирок, онтологиялык далил Ансельм Кентерберийский тарабынан өнүктүрүлгөн.[3] Онтологиялык далилди философиялык өңүттөн ажарын ачып системага салган жана жайылткан философтун Рене Декарт экендиги талашсыз.

Априордук түрдө тагыраак айтканда эч кандай тажрыйбага таянбастан рационалдык жол менен Кудайдын бар экендигин далилдеген онтологиялык далил, мүмкүн болгон болум тууралуу сөз кылбастан “зарыл” түрдө бар болгон болум түшүнүгү тууралуу кеп козгойт. Бул далил Кудайдын болуму түшүнүгүнүн негизинде каралат. Ал түшүнүк “өзүнөн башка улуулугу ойлонулбай турган” жана “кемчиликсиз болум”[4] дегенди билдирет. Онтологиялык далил башка далилдерден айырмаланып, Кудай түшүнүгүнүн маңызы аркылуу Кудайдын болумун далилдөөгө аракет кылат. Мындай ыкмада Кудайдын зарыл болгон болум экендиги, маңызынын мажбурдуулугу менен түшүндүрүлөт. Тагыраак айтканда, Кудай түшүнүгүнүн өз ичиндеги ырааттуулугу жана карама- каршылыксыздыгы анын бар болгонун (зарыл түрдө бар болгондугун) далилдеп турат.

---

[1] Mehmet Aydın, *Din Felsefesi*, 10. Baskı (İzmir: İzmir İlahiyat Fakültesi Vakfı Yayınları, 2002), 29.

[2] Necip Taylan, *İslam Düşüncesinde Din Felsefeleri*, (İstanbul: Marmara Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Yayınları, 1994), 117.

[3] Aydın, *Din Felsefesi*, 29.

[4] Mehmet Sait Reçber, *Tanrı'yı Bilmenin İmkânı ve Mahiyeti*, (Ankara: Kitâbiyat, 2004), 46-48.

Жогоруда баса белгилеп өткөнүбүздөй онтологиялык далил, Фараби жана Ибн Сина сыяктуу ислам философтору тарабынан: “эч  кемчилдиксиз болум” же болбосо “зарыл болгон болум” деген сыяктуу түшүнүктөр аркылуу алгачкылардан болуп берилип келсе да, христиан теологу Ансельм Кентерберийский тарабынан өнүктүрүлгөн вариант аркылуу классикалык далилге айланып популярдуу болгон. Онтологиялык далил кийинчерээк Фома Аквинскийдин сын- пикирлеринен кийин көз жаздымда калган.[5] Бирок ал далил жаңы доордун башында Р. Декарт тарабынан тереңдетилип өнүктүрүлүү менен бирге, чоң мааниге ээ боло баштаган.[6] Бул далил Декарттан кийин Б. Спиноза жана Лейбниц тарабынан кайрадан колго алынып, кийинчерээк алардын теориясы Канттын олуттуу сынына кабылган.[7]

Философия тарыхында Аристотелден кийинки эң улуу ойчул катары таанылган Фараби логика, музыка, саясат, этика ж.б.у.с. илим тармактарында көптөгөн эмгек жазып калтырган. Философия тарыхында “Экинчи устат” деген наамга ээ болгон Фарабинин эмгектеринин көпчүлүгүндө Аллахтан, Аллахтын бар экендигинен жана сыпаттарынан сөз кылат. Өзүнөн мурунку Кинди, Аристотель, Платон сыяктуу философтордон таасирленген Фараби, Аллахтын барлыгын далилдөө үчүн көптөгөн аргументтерди сунуштаган жана ал аргументтерде формалдуу логиканын мыйзамдарын колдонгон.

Фараби өзгөчө “Уюн аль-Масаиль”, “Фусус аль-Хикам”, “Шейху Рисале Зенон аль-Кабир”, “Мадинатул-фазыла” аттуу чыгармаларында барлыкты (болумду) “зарыл”жана “мүмкүн” деп экиге бөлөт, аларды зарыл жана зарыл эмес болгонуна карап талдоого алат. Зарылдыкты Аллахка гана таандык катарында, ал эми мүмкүндүктү Аллахтан башка нерсенин баардыгына таандык катарында эсептейт. Мүмкүн барлыктын бар экендигинен “зарыл”

---

[5] Taylan, *İslam Düşüncesinde Din Felsefeleri*, 117; Aydın, *Din Felsefesi*, 35; Aydın Topaloğlu, *Teizm ya da Ateizm*, (İstanbul: Furkan Kitaplığı, 2001), 152.

[6] Mehmet Dağ, ‘Ontolojik Delil ve Çıkmazları’, *Ankara Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Dergisi*, XXIII, (1978), 288.

[7] Topaloğlu, *Teizm ya da Ateizm*, 154-155.

барлыктын бар экендигин далилдөөгө аракет жасайт. Фарабинин мындай далилдөөсүнө барлыкты: “зарыл жана мүмкүн” деп ажыратуу аркылуу Аллахты далилдөө деген ысым берилген.[8]

Мындай далилдөө эң алгач Фараби тарабынан иштелип чыккан. Кийинчерээк Ибн Сина тарабынан колдоого ээ болуп, анын “Ан-наджат” жана “Аш Шифа” аттуу чыгармаларында кайталангандыгын көрөбүз. Фараби жогоруда аты аталган чыгармаларында Аллахтын барлыгын “кийин жаралган” деген түшүнүгү аркылуу далилдөөгө аракет жасаган. Ал далил Ислам философтору, өзгөчө Ибн Сина, Газали, Наср ад-Дин Туси жана Ибн Рушд тарабынан колдонулгандыгын көрөбүз. Ошондой эле, “Ул-Мадинат ул-Фазыла”, “Уюн аль-Масаиль” жана “ас-сиясат аль Мадани” аттуу чыгармаларында Аллахтын барлыгын “себептүүлүк” жолу аркылуу өзгөчө далилдейт.[9]

Аристотелден таасирленген Фараби “Алгачкы кыймыл берүүчү” жана “кыймылдуулук” далилдерине өзүнүн “Аль-джам байна рай ай аль-Хакимайн” аттуу чыгармасында жана Аристотелдин чыгармаларына жазган түшүндүрмөлөрүндө орун берген. Фарабинин Аллахтын бар экендигин далилдөө үчүн сунуштаган жогорудагы биз сөз кылган далилдерден сырткары, Батыш философиясында “онтологиялык далил” деп белгилүү болгон далилдин Фарабиде да бар экендигин көрө алабыз. Фарабинин бул далилди убакыттык жактан алып караганда эң биринчи колдонгондугун, анын “Уюн аль-Масаиль”,“Ул-Мадинат ул-Фазыла”жана “ас-сиясат аль Мадани” аттуу чыгармаларынау бул нерсенин далилдерин көрүүгө болот.[10] Фарабинин онтологиялык далилин талдоодон мурда Батыш философиясында жана теологиясындагы онтологиялык далилдин кандай болгондугуна кыскача токтолобуз. Анткени ал бизге Фарабиде бул далилдин кандай болгондугун толук түшүнүүбүзгө жардам берет.

---

[8] Mehmet Bayrakdar, *İslam Felsefesine Giriş*, 5. Baskı, (Ankara: TDV Yayınları, 2003), 187.
[9] Bayrakdar, *İslam Felsefesine Giriş*, 187
[10] Bayrakdar, *İslam Felsefesine Giriş*, 187

Философия тарыхчылары онтологиялык далилди эң алгач колдонгон философ жана теолог катарында Ансельм Кентерберийскийдин атын аташат. Ансельмден кийин көптөгөн философ жана теологдордун таасири менен “Онтологиялык далил” ар кандай формага ээ болгон. Бирок “Онтологиялык далилдин” негизги принциби: Кудай түшүнүгүнөн, Кудайдын барлыгына баруу жана ал түшүнүк аркылуу Кудайдын барлыгын далилдөө. Канттын айтуусу боюнча онтологиялык далил “априори” болуп саналат. Онтологиялык далилдин эки негизги философиялык өзгөчүлүктү камтыгандыгын айтууга болот. Алардын биринчиси, бир нерсенин ой түрүндөгү барлыгына таандык болгон баардык нерсе, ал нерсенин чыныгы барлыгына да таандык болуп саналат. Себеби, онтологиялык далилди жактагандар Кудай түшүнүгүнүн ичинде мажбур (зарыл) түрдө бар болгон барлыктын (Аллахтын) бар болгондугун айтышат. Ал эми экинчиси, кемчилдиктүү болгон бир нерсе өзүнөн жогорку болгон барлыктын бар экендигин бизге эскертет. Себеби, онтологиялык далилди жактагандар бул ааламдагы кемчилдиктердин бизге кемчилдиги жок болгон, бизге эң жогорку барлыкты кабыл кылууга түртөт. Ал кемчилдиксиз жогорку зат Аллах болуп саналат.

Биз сөз кылып жаткан онтологиялык далил Ансельм Кентерберийскийдин философиясында эки өңүттөн талдоого алынган. Эң алгач Ансельм биз бул ааламда кемчиликтүү окуяларга күбө болуудабыз жана бул окуялар биздин аң-сезимибизде кемчилдиги жок эң жогорку барлыктын бар экендигин айтат. Ал барлык “эң жакшы”, “эң улуу” болгон Кудай болуп саналат.[11]

Жогоруда белгилеп кеткендей, Ансельм онтологиялык далилин болумдагы “Эң жогорку” түшүнүгүнө негиздейт. Биз жашап жаткан ааламдагы даражалуу өркүндөгөндүк диалектикалык жол аркылуу “эң жогорку” барлыкка алып барат.

[11] Majid Fakhry, ‘İslam Felsefe Geleneğinde Ontolojik Kanıt: Farabi Örneği’, çev. Ömer Mahir Alper, *İstanbul Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Dergisi*, 6, (2002), 139.

Мындай формадагы онтологиялык далил Ансельмдин христиан диний догмаларын, Платондун “Карама-каршылык теориясына” колдонулуусу болуп саналат. Ал эми экинчи этапта болсо Ансельм, жогорудагы көз караштарын андан ары өнүктүрүп, онтологиялык өзгөчөлүк кошууга аракет жасайт. Ансельм “Прослогион” чыгармасында мындай деп айтат: “Кудайдан башка жана андан жогору турган ой жүгүртүүгө татыктуу эч нерсе жок. Демек, Кудай бар.”[12] Бул экинчи этапта, Ансельм түшүнүктөн барлыкка барууга аракет жасайт. Ал Кудайдын бар экендигине ишенет жана Кудай түшүнүгүнөн Кудайдын барлыгын далилдөөгө аракет жасайт. Анын пикири боюнча, Кудай түшүнүгү зарыл түрдө бар болуууну өз ичине камтыйт. Анын ою боюнча, бир нерсенин түшүнүгү ал нерсенин барлыгынын далили болуп саналат. Эгерде кандайдыр бир барлык жок болсо, анын түшүнүгү дагы болбойт. Анткени кыялдар дагы бар нерсенин элеси болуп саналат. Кыялдануу бар нерселердин аң-сезимдеги элеси болуп саналат.[13]

Ансельмдин Кудайдын бар экендигине байланыштуу айткан бул далили замандаштарынын бири болгон Гуанило тарабынан катуу сынга алынган. Ар түрдүү сынга карабастан бул далил абдан көп колдонулган. Онтологиялык далилди жактагандардын бири Декарт экендиги талашсыз. Декарт онтологиялык далилди өзүнүн “иннеизм” түшүнүгү менен бириктирген жана жаңы онтологиялык далилдин түрүн сунуштаган. Декарттын пикири боюнча рух айрым тубаса түшүнүктөргө ээ. Ал түшүнүктөрдүн бири - Кудай түшүнүгү.[14] Айланабызды жана өзүбүздү ойлонгон учурда чыныгы “Улуу күчтүн” бар экендигин кабыл кылууга мажбур болобуз.[15] Декарт Ансельм сыяктуу өзүнүн замандаштарынын көптөгөн сын-пикирине кабылган. Онтологиялык далил Гассендин, Юм жана Канттын сын-пикирине тушуккан. Кант онтологиялык далилди

[12] Fakhry, ‘İslam Felsefe Geleneğinde Ontolojik Kanıt: Farabi Örneği’, 140.

[13] Fakhry, ‘İslam Felsefe Geleneğinde Ontolojik Kanıt: Farabi Örneği’, 140.

[14] Rene Descartes, *Metafizik Düşünceler*, çev. Mehmet Karasan,(İstanbul: M.E. Basımevi, 1967), 144.

[15] Descartes, *Metafizik Düşünceler*, 144-145.

тажрыйбага таянбагандыгы үчүн кабыл кылган эмес. Канттын көз карашы боюнча, Кудай түшүнүгү жана анын бар экендигине ишенүү “а приори” болуп саналат.[16] Бирок Кант мындай сын-пикирди айтуу менен Кудайдын барлыгын четке каккан эмес. Анткени ал “Таза акылдын сынын” сынга алган “Практикалык акылдын сыны” аттуу эмгегинде Кудайдын барлыгын постулат катарында кабыл алган жана ал постулатты ахлак мыйзамдарына негиздеген.[17]

Онтологиялык далилге карата канчалык сын-пикирлер айтылбасын, кээ бир адамдар үчүн бул далил Аллахтын барлыгын далилдөөдөгү эң негизги аргумент болуп саналат. Ансыз да, адамдын онтологиялык майданда Аллахты издөө жолунда ишенимди, ага жетүүдөгү бир субъектив катары ойлой турган болсок, анда онтология, социология, психология жана логика жаатында объективдүү далил табуу биз үчүн кыйынга турмакчы. Бир гана тарыхый окуялар жана аларды анализдеп, синтездөөлөрү бизди ишеним майданына алып бармакчы.

Чындыгында, Мехмет Байракдар таамай белгилеп кеткендей Ансельм жана Декарттан мурун онтологиялык далил түшүнүгүн Платондун “Эң жакшы” деген теориясына жана Фарабинин “Эң улуу”деген теориясына таянып баштаганыбыз оң болот. Жогоруда сөз кылып өткөнүбүздөй, Ансельмдин Кудайды “Эң Улуу” деген түшүнүк аркылуу далилдөө методун Фарабиден да көрүүгө болот. Баарыбызга белгилүү болгондой, “Онтология” деген термин Ансельмде да, Декартта да кезикпеген сыяктуу, ал терминдин арабчасын Фарабиден да кезиктире албайбыз. Бирок жогоруда сөз кылып кеткенибиздей, көмүскө түшүнүк катары кезиктире алабыз.[18]

Фарабинин болум (барлык) түшүнүгүнүн ар кандай маанилерин жана чечмеленишин “Китаб-аль Хуруф” деген эмгегинде айтып өткөн жана болумду болумдан башка эч нерсе

---

[16] İmmanuel Kant, *Arı Usun Eleştirisi*, çev. Aziz Yardımlı, (İstanbul, İdea Yayınları, 1993), 306.

[17] Kant, *Arı Usun Eleştirisi*, 307; Mevlüt Albayrak, ‘Skolastik Felsefe’de Tanrı’nın Varlığı İle İlgili Deliller ve Kant’, *Süleyman Demirel Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Dergisi*, 2, (1995), 279.

[18] Bayrakdar, *İslam Felsefesine Giriş*, 190.

түшүндүрө албайт деген көз карашы боюнча баардыгынан мурун болум (барлык): "зарыл" түрдө бар болгон жана "мүмкүн" болуп экиге бөлүнөт. Өзүнөн-өзү зарыл түрдө бар болгон барлык Аллах. Аллах "Зарыл" түрдө бар болгон барлык" жана "Алгачкы себеп".[19] "Ал барлыгы жокко чыгарыла албаган барлык. Анткени бар болуусунун бир себеби жок. Анткени ал болумун башкадан алган эмес". Ал эми экинчи барлык болсо бул "зарыл" түрдө бар болгон болум эмес. Анын болуму өзүнөн-өзү пайда болгон эмес.[20]

Фарабинин көз карашы боюнча Аллах, же болбосо башкача айтканда, "Зарыл" түрдө бар болгон барлык логикалык жактан да, болум жана болумга тиешелүү баардык түшүнүктөр жагынан алып караганда да баардыгынан "Эң улуу" барлык болуп эсептелет. Ал баардык кемчилик жана кемчилдиктерден узак. Ошону менен бирге, Фараби мындай деп айткан: "Аны баардык кемчиликтерден узак көрүшүбүз керек. Анткени анын болуму баардыгынан эң улуу."[21] Ошондой эле Фарабинин көз карашы боюнча аң-сезимибизде Аллахты мажбурдуу түрдө элестеткендигибиз сыяктуу Аллахтын өзү да ал сыяктуу, тагыраак айтканда, "Эң улуу" болгондугу үчүн мажбурдуу түрдө бар. "Ал барлыктардын эң улуусу болуусу абзел. Анын бар болуусунун материалдык жактан да, түзүлүшү жактан да эч кандай себеби жок." "Анын болуму - эң улуу болум."[22] Фарабинин көз карашы боюнча "Эң улуу" барлык улуу болгондугу үчүн анын эч кемчилиги жок. Ал толук, жалгыз, түбөлүктүү жана чексиз болуп эсептелет. Анын кемчилиги жок, бүтүн, чеги да, аягы да жок жана түбөлүктүү.

Фараби да Ансельм сыяктуу, Аллахтын улуулугун ааламдагы биз күбө болгон барлыктардагы кемчилдиктер аркылуу даңазалаган. Анын көз карашы боюнча, мындай барлыктар ар дайым кемчилдиктерге ээ. Алар сандык жактан ар

---

[19] Farabi, *el-Medinetü'l-Fazıla*, çev. Ahmet Arslan, (Ankara: Kültür Bakanlığı Yayınları, 1990), 2-3.

[20] Fakhry, 'İslam Felsefe Geleneğinde Ontolojik Kanıt: Farabi Örneği', 147.

[21] Farabi, *el-Medinetü'l-Fazıla*, 1; Fakhry, 'İslam Felsefe Geleneğinde Ontolojik Kanıt: Farabi Örneği', 139.

[22] Farabi, *el-Medinetü'l-Fazıla*, 1-2.

дайым өз ичинде кемчилдиктерди камтыйт. “Алгачкы болум башка баардык болумдардын алгачкы себеби. Андан башка баардык нерселер бир же болбосо андан да көп кемчилдикке ээ”.[23] Фарабинин көз карашы боюнча Аллах бир гана жалгыз зат жана болумунда “Эң улуу” жана “Эң күчтүү” болбостон, ошол эле убакта сапаттык жактан да, “Эң улуу” болуп саналат. Аллахтын илими “Эң улуу” илим, кудурети -“Эң улуу” кудурет болуп саналат.[24]

Фарабинин пикири боюнча Аллахтын ар тараптан “Улуу” болуусу, өзүнүн нагыз болумунда болгон сыяктуу, биздин оюубузда жана кыялыбызда да “Эң улуу” болуп эсептелет.[25] Ушул жерге чейин Фарабинин көз карашы боюнча, Аллахтын өз болумунда “Эң улуу” болгондугун жана оюбузда дагы “Эң улуу” зарыл барлык болгондугуна күбө болдук. Анда эмесе азыр, Фарабинин “Эң улуу” түшүнүгү аркылуу Аллахтын барлыгынын кантип далилденгенине токтолмокчубуз.

Фарабинин метафизикалык көз карашы боюнча Аллах болум жана сапаттык жактан көрүнгөн жана көрүнбөгөн барлыктардан мажбурдуу түрдө өзгөчөлөнөт. Ал эми, калган барлыктардын баары кемчилдиктүү болуп саналат. Аллахтын башка барлыктардан “Өзгөчөлөнгөндүгү” жана “Эң улуу” болгондугу жана башка барлыктардын кемчилдиктүү болуусун Фараби “Онтологиялык далили” үчүн негиз катары колдонгон. Мындан улам Аллах башка барлыктар менен бирдей боло турган болсо, анда Аллахтын дагы кемчилдиги болмок. Бирок Аллах андай эмес. Эгерде, башка барлыктар кемчилдиктүү болгон болушса[26], “Эң улуу” түшүнүгүнүн жалгыз Аллахка гана таандык болуусу шарт. Фараби минтип айтат: “Эгерде эң алгачкы барлык Эң улуу сыпатка ээ боло турган болсо, ал сыпаттардын Аллахтан башкага таандык болбоосу керек. Ошондуктан жалгыз Аллах улуу

[23] Farabi, *el-Medinetü'l-Fazıla*, 1.
[24] Farabi, *el-Medinetü'l-Fazıla*, 8.
[25] Farabi, *el-Medinetü'l-Fazıla*, 9.
[26] Farabi, *el-Medinetü'l-Fazıla*, 7.

сыпаттарга ээ."[27] Эгерде, Аллах ар тараптан эң улуу сыпаттарга ээ болбогондо, ал учурда көз каранды кемчилдиктүү жана себептүү барлык болмок. Андай барлык Аллах боло алмак эмес.

Фараби "Эң улуу" түшүнүгү аркылуу Аллахтын барлыгын далилдеген, ал эми көптөгөн далилдер аркылуу болсо "Эң улуу" барлыктын өзүн далилдегенге аракет жасаган. Ансельм, Декарт жана "Онтологиялык далилди" жактаган көптөгөн философтор да Фараби сыяктуу, "Эң жогорку" түшүнүгүн ар кандай жолдор аркылуу далилдегенге аракет жасашкан. Фараби көптөгөн философтордон өзгөчөлөнүп, акыл аркылуу пайда болгон "Ашк" аркылуу далилдеген.

Фарабинин этикалык жана эстетикалык көз карашы боюнча "Ашк" деген, алда канча жогорку же болбосо "Эң жогоркунун" жогоркулугуна болгон сезим, кусалык, билим жана ишеним болуп саналат. Анын пикири боюнча "Улуулук" жана "Жогору болуу" "Ашк" менен бирдей нерсе болуп эсептелет.[28] Бизде "Ашк" бар жана нерселерди сүйөбүз. Аларды сүйүүбүздүн себеби нерселердеги улуулук, ал улуулук "Эң улууга" жеткенге чейин даражалык өзгөчөлүктөргө ээ. Сүйүү жана сүйүүгө ээ болуу, "Улуулукка" көз каранды. Аллах эң жогорку "Улуулук" болгондугу үчүн, эң көп сүйүлгөн жана эң көп сүйгөн. Анткени Аллахта баары бирдей.[29] Жогоруда токтолгондой "Ашк" Фарабинин көз карашы боюнча "Эң улуунун" жана башка улуулуктардын далили болуп саналат.

---

[27] Farabi, *el-Medinetü'l-Fazıla*, 9; Metin Yasa, *Din Felsefesi: Soru-Sorgu-Sonuç*, (Ankara: Elis Yayınları, 2006), 38.

[28] Farabi, *el-Medinetü'l-Fazıla*, 10.

[29] Farabi, *el-Medinetü'l-Fazıla*, 12-13.

## Корутунду

Жыйынтыктап айта турган болсок, Фарабинин метафизикалык көз карашы боюнча Аллах болум жана сапаттык жактан көрүнгөн жана көрүнбөгөн барлыктардан мажбурдуу түрдө өзгөчөлөнөт. Ал эми, калган барлыктардын баары кемчилдиктүү болуп саналат. Мындан улам Фараби "Улуулук", "Жогору болуу" "Ашк", "Зарыл" жана "Мүмкүн" сыяктуу түшүнүктөр менен онтологиялык далилдин ажарын ачкан деп айтсак аша чапкандык болбойт.

Фарабинин көз карашы боюнча "Эң улуу" барлык улуу болгондугу үчүн анын эч кемчилиги жок. Демек, Аллах толук, жалгыз, түбөлүктүү жана чексиз жана анын кемчилиги жок болгондуктан улам, бүтүн, чеги да, аягы да жок жана түбөлүктүү деп адамдык аң сезимибиздеги жаратыллган нерселер менен Жараткандын ортосундагы онтологиялык айырмачылыкка басым жасоо менен бүтүм чыгарууга болоорун баса белгилеп көрсөтүүгө аракет кылган.

Ислам дүйнөсүндө Фараби, Ибн Сина сыяктуу философтордун, ал эми Батыш дүйнөсүндө А. Кентерберийский, Ф. Аквинский, Р. Декарт ж.б. филсоофтордун онтологиялык дадлилдин өнүгүүсүнө эбегейсиз салым кошкондуктарын айтууга болот. Ошону менен катар онтологиялык далилге канчалык деңгээлде сын айтылгандыгына карабастан, бул далил азыркы учурда дагы К. Гёдель, Ч. Хартшорн, Н. Малкольм, А. Плантинга ж.б. көптөгөн окумуштуулар тарабынан колдоого алынып келет. Аты аталган ойчулдардын аракети менен онтологиялык далил кайрадан жанданып, жалпы коомчуулуктун чоң кызыгуусун жаратып келет.

**Колдонулган адабияттар**

Aydın, Mehmet. *Din Felsefesi*. 10. Baskı. İzmir: İzmir İlahiyat Fakültesi Vakfı Yayınları, 2002.

Albayrak, Mevlüt. 'Skolastik Felsefe'de Tanrı'nın Varlığı İle İlgili Deliller ve Kant'. *Süleyman Demirel Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Dergisi* 2 (1995), 279.

Bayrakdar, Mehmet. *İslam Felsefesine Giriş*. 5. Baskı. Ankara: TDV Yayınları, 2003.

Dağ, Mehmet. 'Ontolojik Delil ve Çıkmazları'. *Ankara Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Dergisi*, XXIII, (1978), 288.

Descartes, Rene. *Metafizik Düşünceler*. çev. Mehmet Karasan, İstanbul: M.E. Basımevi, 1967.

Fakhry, Majid. 'İslam Felsefe Geleneğinde Ontolojik Kanıt: Farabi Örneği', çev. Ömer Mahir Alper, *İstanbul Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Dergisi* 6, (2002), 139.

Farabi, *el-Medinetü'l-Fazıla*. çev. Ahmet Arslan, Ankara: Kültür Bakanlığı Yayınları, 1990.

Kant, İmmanuel. *Arı Usun Eleştirisi*. çev. Aziz Yardımlı. İstanbul, İdea Yayınları, 1993.

Sait Reçber, Mehmet. *Tanrı'yı Bilmenin İmkânı ve Mahiyeti*. Ankara: Kitâbiyat, 2004.

Taylan, Necip. *İslam Düşüncesinde Din Felsefeleri*. İstanbul: Marmara Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Yayınları, 1994.

Topaloğlu, Aydın. *Teizm ya da Ateizm*. İstanbul: Furkan Kitaplığı, 2001.

Yasa, Metin. *Din Felsefesi: Soru-Sorgu-Sonuç*. Ankara: Elis Yayınları, 2006.